Алибекова Умирхон Болтабаевнанын **“Мектептин XI классында “Манас таануу” курсун окутуунун технологиялары”** аттуу темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

## ПИКИР

Бүгүнкү мезгил талабы XXI кылымдагы ааламдашуу процесси жалпы адам баласынын жашоосуна бурулуш алып келген, дүйнөлүк цивилизация талап кылып турган билимди, б.а. ата бабаларыбыз калтырган адабий мурастарды үйрөтүү зарылдыгын белгилеп отурат. Коомдук зарылдыкка жараша окутуу процессиндеги жаңы технологиялар менен сабак өтүү өркүндөтүлүп, окуучу билим алууга өзү кызыгып, жыйынтыгында билим берүүнүн алдында жаш муундарды келечекте коомдун татыктуу адамы катары калыптандыруу милдети турат. Бул милдеттерди турмушка ашырууда элибиздин бай мурастарынын бири болгон элдик оозеки чыгармачылык, анын ичинде кыргыз элинин жашоосунун энциклопедиясы болгон “Манас” эпосун окуучуларга окутуп, таанытуу, келечек урпактардын атуулдук көз караштарын калыптандыруу менен аларды эли жерин сүйгөн патриот инсан кылып тарбиялоо негизги милдеттердин бири болуп саналат.

Ата Мекенди көздүн карегиндей сактоо жана коргоо, патриоттуулук – бул байыртадан ата-бабаларыбыздын канында жашап, сансыз кылымдарды аралап өтүп, душмандардан коргоп келгендигине тарых барактары күбө. Андагы ар-намыс, асыл баа идеялар бүгүнкү күндө да өз баасын жоготпой, өсүп келе жаткан жаш муундарды патриоттулукка тарбиялоодо өз милдетин өтөп келүүдө.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ ...
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 31 «15» 05 2023 ж/г

Диссертант У.Б.Алибекова мектептин XI классында - «Манас таануу» курсун окутууда окуучунун предметтик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесин коюп, бүгүнкү күндө ал методикалык эмгектерде жетишерлик чагылдырылбагандыгын шарттап, аны үйрөтүүнүн мазмунун жана методикасын иштеп чыккандыгы диссертациялык ишинин актуалдуулугун далилдейт.

Изденүүчүнүн диссертациялык иши киришүүдөн, үч баптан, алардан келип чыккан корутундудан, практикалык сунуштардан жана библиографиядан турат. Жалпы көлөмү– 188 бет, негизги текст–166 бетти түзөт.

**Биринчи бап** «Мектепте «Манас таануу» курсун компетентүүлүккө негиздеп окутуунун методикалык шарттары» деп аталып анда диссертант У.Б.Алибекова «Манас» эпосу боюнча предметтик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык шарттары, мектептин жогорку класстарында фольклордук чыгармаларды окутуунун теориялык меселелери, «Манас таануу» курсунун окуу прогаммалары менен окуу китептеринен алган орду боюнча талдоого алган жана бул багытта бир топ окумуштуулардын педагогикалык, адабият таануучулук эмгектерине обзор берүү менен алардын эмгектерин пайдалангандыгын көрүүгө болот.

Ошондой эле диссертант эпостордун жанрдык өзгөчөлүктөрү, алардын классификацияланышы жана аларды мектеп курсунда окутуунун өзгөчөлүктөрү тууралуу А.Муратовдун, фольклордук чыгармаларды өздөштүрүү боюнча бир катар окумуштуулардын А.Сыдыков, Б.Алымов, Б.Исаков, Н.Кангелдиев, Т.Молдогазиев, Д.Саалиева, Б.Оторбаевдин негизги илимий-методикалык багыттагы эмгектери талдоого алынган.

**Экинчи бап** «Мектептин XIклассында «Манас таануу» курсун окутуунун мазмуну жана технологиялары боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору» деп аталып, анда изилдөөнүн материалдары жана методдору, эксперименттик материалдардын мазмуну, критерийлери, эксперимент иштеринин жүрүшү, жыйынтыктары камтылган.

Диссертант У.Б.Алибекова Орто мектептин XI классында «Манас таануу» курсун окутуунун технологияларын иштеп чыгууда жүргүзгөн эксперименталдык-тажрыйбалык иштеринде педагогикалык методдордун төмөнкү принциптерин жетекчиликке алган:

1.Кыргыз адабиятын окутуу методикасы боюнча адистердин, методист-окумуштуулардын, мектеп мугалимдеринин жана бүтүрүүчү класстардын окуучуларынын пикирлерин угуп, анкеталык сурамжылоо иштерин жүргүзгөн. Мектепте окутуунун жана тарбиялоонун жаңы талаптары менен багыттарын аныктаган.

2.Педагогикалык процесс жүргөн социалдык конкреттүү мезгил менен мейкиндик (мектеп), андагы педагогикалык жана социалдык шарттарды эске алган.

3.Педагогикалык кубулуштардын жана фактылардын бири экинчиси менен болгон өзгөчөлүктөрүн жана аларды бириктирип турган жалпылыктардын диалектикалык биримдигин анализдеген. Ар бир мугалимдин, окуучунун инсандык жеке өзгөчөлүктөрү, эмоционалдык жана физиологиялык жөндөмдүүлүктөрү, мүнөзү менен интеллектуалдык өнүгүүсү эске алынган.

4.Окутуунун технологияларындагы ынанымдуу метод катары инсандын өнүгүүсүнүн процессин кыймылга келтирүүчү күч катары, анын өнүгүүсүнүн булагы катары анын өзүн-өзү аракетке келтирүүсү, Ушинскийдин сөзү менен айтканда, «өзүн-өзү кыймылга келтирип, өнүктүрүүсү» жетекчиликке алынган.

Эксперименттин ***максаты*** – мектептин XI класстарында «Манас таануу» курсун окутуунун компетентүүлүктүн негизинде өздөштүрүүнүн мазмунун оптималдаштыруу, натыйжалуулугун арттыруу жолдорун практикада текшерип көрүү.

Эксперименттин ***милдеттери:***

▪ мектептин бүтүрүүчү класстарында «Манас таануу» курсун өздөштүрүү процессинин учурдагы абалын, байкалган проблемаларды аныктоо иштери;

▪ эксперименталдык-тажрыйбалык иштер жүргүзүлүп жаткан мектеп мугалимдерине мамлекеттик жана предметтик стандарттар, программалар, окуу китептери тууралуу, алардын өзгөчөлүктөрү тууралуу тааныштыруу, алар менен сурамжылоо иштерин жүргүзүү;

▪ мектептин бүтүрүүчү класстарында «Манас таануу» курсун өздөштүрүүнүн эксперименттик жана контролдук класстардагы абалын аныктоо жана бул предметтин компетенттүүлүккө негизделген мазмунун сынап көрүү;

▪ жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжаларын текшерүү, аларды жалпылаштыруу жана зарыл жыйынтыктарды чыгаруу иштери.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары республиканын түштүгүндө жайгашкан бир катар мектептеринде, атап айтканда, Ош шаарынын Самидин Алымкулов атындагы № 33 мектеп, № 42 Керме-Тоо мектеп-гимназиясы, Ноокат районунун Бегалы Абдиев атындагы орто мектеп, Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу №7 Жусуп Турусбеков атындагы орто мектеп, Баткен областынын Кадамжай районундагы №8 Максим Горький атындагы орто мектеп, Кара-Суу районунун №130 Шабы Жумаев атындагы орто мектептеринде өткөрүлгөн.

«Манас таануу» курсун өздөштүргөн окуучунун креативдүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык, илимий-методикалык жана дидактикалык талаптарына ылайык окутуунун жана тарбиялоонун активдүү формалары жана методдору иштелип чыгылган; Мектептин бүтүрүүчү класс окуучусунун өз алдынча ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын калыптандыруу, өнүктүрүү боюнча аткарыла турган жумуштарга карата педагогикалык, илимий-методикалык сунуштар берилген.

Жыйынтыгында сунуш кылынган окутуунун компетенттүүлүккө негизделген ыкмалар, каражаттар жана окутуу технологиялары майнаптуу экенин тастыкталып, алардын жыйынтыктары боюнча корутунду чыгарылып, алардын негизинде практикалык сунуштар берилген.

**Үчүнчү бап «Манас таануу» курсун өздөштүрүүнүн мазмуну жана формалары»** деп аталып, анда диссертант тарабынан мектептин XI классында «Манас таануу» курсун окутуу сабактарында интерактивдүү усулдарды колдонуунун аракети жасалганын көрүүгө болот.

Алар: «лекция-баарлашуу», «лекция-дискуссия», «айкын кырдаалдарды талдоо лекциясы», «алдын ала пландаштырылган каталар менен иштөөчү лекция»,«лекция-пресс-конференция»,«мини-лекция»сыяктуу интерактивдүү лекция усулдары.

***Баарлашуу лекциясы же класс окуучулары менен болгон диалог*** окуучулардын сабакка активдүү катышуусуна өбөлгө түзүүчү, окуу жараянына жигердүү тартуунун көбүрөөк кеңири таралган жана салыштырмалуу жөнөкөй формасы. Бул лекция-сабак кыргыз адабияты мугалиминин класс менен түздөн-түз карым-катнашта, өз ара аракетте болуусун шарттайт.

«Манас таануу» курсу өтүлүүчү класс жогорку класс болгондуктан, изилдөөдө ***лекция-дискуссияны*** колдонулган. Лекция дискуссия лекция-баарлашуудан айырмаланып, мында мугалим лекциялык материал менен тааныштырууда өзүнүн суроолоруна жоопторду алуу менен эле чектелбейт, логикалык бөлүмдөр арасындагы тынымдарда пикирлердин эркин алмашуусун уюштурат.

***Айкын кырдаалдарды талдоо менен өтүлүүчү лекциялык*** сабактар да сыноолордун жүрүшүндө максаттуу колдонулган**.**

Классты коюлган маселеге кызыктырып, үйрөнүлүп жаткан адабий материалды чыгармачылык менен кабылдоолору үчүн окуучулардын көңүлүн айрым маселелерге атайын бурдуруу талап кылынат. Көңүлдү бир

жерге топтоо үчүн жетиштүү курч кырдаал тандалып алынганы максатка ылайык.

***Алдын ала пландаштырылган каталар менен иштөө*** сабактары да орчундуу орунду ээлейт.Лекцияны уюштуруунун бул түрү окуучулардын сабак процессиндеги кырдаалды ыкчам талдоо билгичтиктерин калыптандырат.

Ошентип, үчүнчү бапта мектептин XI классында «Манас таануу» курсунун окутуу боюнча белгилүү методисттердин жана диссертант тарабынан бир нече методикалык сунуштар чагылдырылган.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү**:

Мектептин XI классында «Манас таануу» курсун окутуунун технологиялары диссертациялык изилдөө абалында алгачкы жолу жүргүзүлүп жаткандыгы жана аны компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы илимий психологиялык-педагогикалык технологиялардын заманбап жетишкендиктерин эске алуу менен иштелип чыккандыгы жана педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө анын натыйжалуулугу аныкталгандыгы.

**Ал эми диссертациялык иштин практикалык мааниси тууралуу төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:**

1-ден, диссертациянын материалдары кыргыз адабияты предметинин мугалимдерине окутуунун мазмунун, сабактын максатын так аныктоого, окутууну уюштуруу формаларын жана методдорун, каражаттарын (технологияларын) туура тандап, сабактын практикалык баалуулугун өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт.

2-ден, жогорку окуу жайларынын филология адистигине даярдалып жаткан студенттерге педагогикалык практика мезгилинде кыргыз адабиятын, анын тутумундагы «Манастаануу» курсун окутууда жана курстук, бүтүрүүчү квалификациялык иштерди аткарууда пайдаланылат.

**Диссертант тарабынан практикада пайдалануу үчүн бул сунуштар айтылган:**

«Манас таануу» курсун орто мектептин XI класстарында окутууда кыргыз адабиятын окутуунун жаңы концепциясын жана предметтик стандартынын талаптарын эске алуу, ал аркылуу аталган курстун мазмунун өркүндөтүү, окуучулардын билимин деңгээлдик негизде калыптандыруу жана баалоо, компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун келечектүү форма-методдорун мындан ары да өнүктүрүү жана орто мектептин окуучулары үчүн заманбап талаптардын негизинде атайын окуу китептин, аны окутуу боюнча мугалимдер үчүн методикалык эмгектин жазылышы жана жетишерлик санда чыгарылышын колго алуу ж.б. бир топ практикалык сунуштар айтылган.

**Негизги жоболордун жана тыянактардын жарыяланышы да талапка ылайык келет.** У.Б.Алибекованын диссертациялык ишине байланыштуу 15 илимий-методикалык макаласы жарыкка чыккан. Аларда диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары тастыкталган.

**Диссертацияда кездешкен төмөнкүдөй мүчүлүштүктөрдү жана ишке карата сунуштарды белгилеймин:**

1. Изилдөөнүн соңунда берилген практикалык сунуштар жалпыланып берилип калган. Аларды кайра карап чыгып, дагы да тактап, конкреттештирип, так жазып чыкса дурус болмок.
2. Диссертацияда, авторефератта айрым орфографиялык, стилдик каталар кездешет.

Бирок, бул мүчүлүштүктөр диссертациянын илимий-методикалык жактан алгылыктуу натыйжаларына көлөкө түшүрө албайт. Анда актуалдуу, учурдагы жаңы педагогикалык маанилүү проблеманын адабият сабагынын мисалында талаптын деңгээлинде чечүүгө болгон аракеттер бар. Мазмуну жана түзүлүшү боюнча кандидаттык диссертацияга коюлуучу ЖАКтын

талаптарына толук жооп берет жана анын автору Алибекова Умирхон Болтабаевна 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны ыйгарууга татыктуу деп эсептейм.

Расмий калыс: п.и.к., доцент Т.Н.Каранова

П.и.к., доцент Т.Н.Каранованын
колун тастыктаймын.
КББ ____________ У.Жамалова
06.09 2023-ж.

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.23.673 15.09.2023г.
Уч. секр [illegible]

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ